УДК: 8.81.811.81'373
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-248-253

**РАЙЫМ КЫЗЫ А.**
КР УИА
**РАЙЫМ КЫЗЫ А.**
НАН КР
**RAIYM KYZY A.**
NAS KR

# КЕНЖЕ ЭПОСТОРДОГУ ГЕОГРАФИЯЛЫК АТООЛОРГО СЕРЕП

## ОБЗОР ГЕОГРАФИЧЕСКИХ НАЗВАНИЙ В МАЛЫХ ЭПОСАХ

## AN OVERVIEW OF GEOGRAPHICAL NAMES IN MINOR EPICS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада кенже эпостордо кезиккен айрым топонимдерге лингвистикалык талдоо жүргүзүлүп, анын пайда болуу тарыхы каралат. Топонимика – географиялык аталыштарды, алардын келип чыгышын тарыхый шарттарын, өнүгүшүн, учурдагы абалын, семантикалык маанисин жана башка аймактарда таралуу ареалын изилдейт. Топонимика география, тарых, этнография илимдери менен тыгыз байланышта каралат. Жер-суу аттары элдердин тарыхый басып өткөн жолдорун билүүгө, алардын отурукташуусунун чектерин аныктоого, тилдердин мурунку абалын, таралыш аймактарын, маданий жана экономикалык борборлордун географиясын, соода жолдорун жана башкаларды аныктоого жардам берет. Топонимика илими аркылуу лигвистикалык маалыматтарды, жердин географиялык абалын, жашап өткөн уруулардын тарыхын билүүгө болот. Ошол себептүү топонимдердин маани-маңызын түшүнүү үчүн, алардын кантип пайда болгонун, өнүгүү эволюциясын, өзгөрүшүн, бул аталышка кандай факторлор таасир жаратканын жана алардын семантикалык маанисин талдоо алда канча маанилүү.

**Аннотация:** В статье проводится лингвистический анализ некоторых топонимов, встречающихся в малых эпосах, и рассматривается история их возникновения. Топонимика — это наука, изучающая географические названия, их происхождение, исторические условия, развитие, современное состояние, семантическое значение, а также ареал их распространения в других регионах. Топонимика тесно связана с такими науками, как география, история и этнография. Географические названия помогают узнать исторический путь народов, определить границы их расселения, выявить прежние районы распространения языков, географию культурных и экономических центров, торговые пути и многое другое. С помощью топонимики можно узнать лингвистическую информацию, географическое положение земли, а также историю племён, которые там жили. Поэтому для понимания значения топонимов важно анализировать, как они возникли, их эволюцию и изменения, какие факторы повлияли на их формирование и их семантическое значение.

**Abstract:** The article conducts a linguistic analysis of some toponyms found in minor epics and examines the history of their origin. Toponymy is the science that studies geographical names, their origin, historical conditions, development, current state, semantic meaning, and the area of their distribution in other regions. Toponymy is closely related to such fields as geography, history, and ethnography. Geographical names help to understand the historical path of peoples, define the boundaries of their settlement, identify the former areas of language distribution, the geography of cultural and economic centers, trade routes, and much more. Through toponymy, one can learn linguistic information, the geographical location of the land, and the history of the tribes that lived there. Therefore, to understand the meaning of toponyms, it is important to analyze how they originated, their evolution and changes, what factors influenced their formation, and their semantic meaning.

**Негизги сөздөр:** тил; тарых; география; топоним; гидроним; эпос; семантика; көл; булак; суу.

**Ключевые слова:** язык; история; география; топоним; гидроним; эпос; семантика; озеро; родник; вода.

**Keywords:** language; history; geography; toponym; hydronym; epic; semantics; lake; spring; water.

Кайсы гана тил болбосун алардын сөздүк кору, лексикасы жалаң гана бир тилдеги сөздөрдөн турбайт. Кыргыз жергесиндеги топонимдердин аталышы да бир

тилге эле тийиштүү эмес, тилдик катмары ар түрдүү. Жер-суу аталыштарынын тамыры узак убакытты камтыйт. Кээ бир топонимдердин мааниси азыр да түшүнүксүз. Мындай аталыштардын келип чыгыш өзөгүн талдап, маңызын ачып берүү албетте оңойго турбайт, ал үчүн тактык менен далил талап кылынат.

Мындай көрүнүш кыргыз эл оозеки чыгармаларында тактап айтканда эпостордо да кеңири жолугат. Манас эпосу баштаган кенже эпостордун мааниси терең, мазмуну кенен, каза берсе түгөнгүс асыл кенч экени талашсыз. Эпостордун мазмунунда турмуштук окуялардан тартып, элдердин карым-катыш алакалары, маданияты, каада-салты, үрп-адаты, кеңири баяндалат. Манас эпосунда [14] анын ичинен кенже эпостордо онамастикалык аталыштар (жер аттары, уруу аттары, адам аттары) кеңири кездешет. Эпостордун мазмунунда кездешкен жер-суу аталыштары кеңири аймакты ичине камтыйт. Орто Азия, Кытай, Казакстан, Азия, Ооганстан ж.б.у.с. аймактардагы жер-суу аттары арбын жолугат. Манас эпосунда 500дөн ашык жер-суу аттары кезигет. Кайталанышы менен кошо эсептегенде топонимдердин саны мындан да артышы мүмкүн. Ал эми кенже эпостордо (11 эпос) 200дөн ашык жер-суу аталыштары жолугат. Эпосто көп кайталанчу топонимдер Анжыян, Каркыра, Талас, Бээжин, Алтай ж.б.

Топонимдерди этимологизациялоодо лигвистикалык талдоо менен бирге ошол аймактагы элдин тарыхы, жердин географиялык шарты, абалы кошо каралат. Кээ бир топонимдер оозеки түрдө сакталып айтылып келген болсо, айрымдары байыркы жана орто кылымдарга таандык жазуу булактарында сакталып калган. Элдердин көчүп конуу процесстеринин негизинде улам жаңы көчүп келген эл отурукташкан жерлерине ат коюп жүрүп отургандыктан, көпчүлүк жер-суу аталыштары өзгөрүүгө учураган. Бирок тарыхый булактарда алардын эски аталыштары сакталып калганын көрөбүз. Чындыгында көчмөн элдин тарыхын, анын тиричилигин, тилин, экономикасынын техникасын жана табиятын билбей туруп түшүнүү өтө кыйын. Ошол себептүү жер-суу аттарынын түпкү маанисине, лексикалык катмарына кайрылууга туура келет.

**Көк ирим -** Тогузторо өрөөнү менен аккан суу, Нарындын сол куймасы. Фергана тоо тизмегинин түндүк-чыгыш капталынан башталат. Көк ирим суусу тууралуу Манас эпосунда, кенже эпостордо да кездешет.

Эпосто Жаңыл Мырза элине кайтып келип, жардылыкка дуушар болуп, мал жандыктан айрылып калган элин көрүп ыза болуп калмактардан өч алууга аттанат.

Тогуз-Торо оюнда,
Көк ирим суунун боюнда... (Жаңыл Мырза: 1, б. 160)

Жоодарбешим Ак аркарды атып куржунга салып келе жатып, Көк токойго туш болот. Ал жер бугусу көп жер болот. Ошол жерден Кайберен Ак бугуну көрүп артынан кууп жөнөйт.

Көк ирим агат дайра - деп,
Көгүлтүр дарак сайда – деп, (Олжобай менен Кишимжан: 2, б. 108)

Бул гидронимдин экинчи компоненти болгон ирим сөзүнүн мааниси Кыргызса-орусча сөздүктө мындай берилген: Ирим биринчи мааниси ирүү, айланпа, 2- мааниси ириң, 3- мааниси ийрим. [3, 303] Булардын ичинен биринчи мааниси жакын. Бирок географиялык терминдерде ирим гидроними өзүнчө көл, агын суу менен дарыянын бөлүгү деген мааниде колдонулат. [4, б. 13]

Якутия жергесинде батыш Сибирь деңизинин куймасы болгон Ирим Тас деген дарыя бар. Россия жергесинде да Большой Ырым, Малый Ырым дарыялары кездешет. Коми Республикасы аркылуу агат.

Гидронимдин аталышы анын өңүнө байланыштуу эмес деп эсептейбиз. Себеби бул суу мөңгү, булактардан куралат. Көрүнүшү көк, тунук тартып турат. Көкирим суусун жогоруда көрсөтүлгөндөй дарыянын бир бөлүгү, Нарын дарыясынын куймасы катары караганыбыз туура.

**Чатыр-Көл -** Ала Тоонун түштүгүндөгү Аксай өрөөнүндө жайгашкан тектоникалык типтеги көл. Көлдү түштүгүнөн Торугарт тоо кыркалары, түндүгүнөн Ат-Башы тоо кыркалары курчайт. Ал деңиз деңгээлинен 3586 метр бийиктикте.

Эпосто Жаңыл Мырза Арпа, Аксай, Чатыр-Көл жайгашкан жерлерди көрүп,

Өрүшү толгон мал экен,
өзөңдүн баары тал экен,
жердебей турган жер бекен
Ортосу Чатыр-Көл экен,
Туш-тушунан карасаң,
Чалкалаган төр экен - деп суктанат.
(Жаңыл Мырза: 1, б. 297)

*Чатыр* – Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө 1. палатка, 2. кол чатыр, 3. бастырманын чатыры деп берилет. [3, б. 352]. Ушундай эле Казакстанда Чатыртау, Крым аймагындагы Çatır Dağ деген тоо кыркасы бар. Чатир-Даг крым татар тилинде çatır — чатыр, алачык, dağ — тоо маанисинде берилет. Бул тоонун көрүнүшү да чатырга окшош. Көлдү

ошол жердеги бел же ашуудан караганда көлдүн формасы тигилип турган чатыр сыяктуу көрүнөт.

**Ат-Башы** - Нарын облусундагы райондун, дарыянын аты.

Кардуу тоону ашарсың,
Ар жак жагы бетеге,
Бетегелүү Беш-Мойнок
Беш-Мойнокту басарсың,
Беш-Мойноктун ар жагы,
Өзүң көргөн Ат-Башы,
Ат-Башыга барасың.
Ал Ат-Башы кайран жер,
Эби менен жер кылган,
Азган-тозгон кыргызды
Эптеп жүрүп эл кылган. (5, б. 449)

Бул аталыш эмнеден улам келип чыккан деген ой туулат. Жердин аты боюнча бир канча уламыштар да бар. Биринчи вариантында алыс жолдон келе жаткан жолоочу тыныгып алайын деп атын коё берип, өзү да тыныгып калат. Эми жоолго чыгайын деп жатканда аты карматпай качып кетет. Ошондо жинденген жолоочу атын араң кармап союп, башын болсо ошол жерге таштап баса берген дешет. Ошондон улам Ат Башы аталып калган деген имиштер бар. 2-вариантында Манас эпосундагы Кан Кошой ат башыда жашап өткөндүгү маалым. Аны урматтап, атадай аздектеп, акыл сурап, эл башы, журт башы деп алыстан кишилер келип турушкан делет. Ошондон улам элдер журт башына баратам, эл башына баратам, ата башына баратам деп жатышып, ал турган жер Ата Башы деп аталган деген кеп бар. Балким Ата Башы аталып жүрүп, кийин кыскартылып, Ат башы болгонбу деген ой жаралат.

Ат-Башы топоним катары башка өлкө аймактарында (Алтай) да жолугат. Кыргызстан аймагындагы Чүй, Кемин, Ачы, Кулунду, Аксы, Көк-Арт, Ак-Баш, Ат-Башы, Ала-Бука, Пачата, Сыны ж.б. 6-18-кылымдардагы топонимдер Минусин аймагындагы энесайлык кыргыздарга таандык. [6, б. 132] Тарых барактарында берилгендей v кылымда Теңир-Тоо аймагындагы кыргыздар жуандардын баскынчылыгында калып, Энесайга көчүүгө аргасыз болушканы айтылат. Демек, дал ушул аймактагы кыргыздарга таандык топоним экендиги анык. Баш сөзү өтмө мааниде келгенде, көчө, айыл, тоонун башы катары колдонулат. Ошол себептүү бул аталыштын дагы мааниси "башат" тактап айтканда жердин башталышы, чеги катары көрсөтүлүшү мүмкүн.

**Сары-Кол** – Чыгыш Памирдеги өрөөндүн ошондой эле Жалал-Абад областындагы Ала Бука районундагы айылдын аты.

Эпосто Нойгуттар, Жаңыл Мырзанын жердеген жери катары сүрөттөлөт.

Кайнап жаткан көп нойгут,
Сары-Колду жайлаган.
Бакалыны күздөгөн,
Ат-Ойнокту жаздаган.
(Жаңыл Мырза: 1, б. 264)

Сары сөзү жердин өң түсүнө карата коюлбаганы анык. Сар, сер иран-тажик тилдеринде көптүктү, молдукту билдирет. Ал эми перс тилинде сар- баш (дененин бөлүгү) дегенди түшүндүрөт. Сар сөзү фонетикалык жактан өзгөрүүгө учурап, бизче сары деп айтылып жүргөнүн, Сары түс менен Сар, сер (сары) эки башка маанини берерин айтып кеткенин бир катар окумуштуулар белгилешкен. [7, б. 49] Сары жалпысынан жер-суу аттарынын көлөмүнө, рельефине карата колдонулган десек болот. Сары компоненти катышкан Сары-Кол, Сары-Камыш, Сары-Талаа, Сары-Булуң, Сары-Өзөн сыяктуу жерлердин түзүлүшү чындыгында жайык түздүктө орун алып, кенен аймакты камтыйт.

**Көй-Кап** –Борбордук Теңир Тоодогу суунун аты.

Эпосто Борхуй баатырдын Жаңылды алам деп аттанганы.

Качып кетсе кыз Жаңыл,
Көй-Каптан издеп табам –деп,
Бурхуй айтты мындай –деп...
(Жаңыл Мырза: 1, б. 274)

Жоодарбешим Ак бугуну атып алып Ак маралдын каргышына калат. Келе жатып Нурдун кызы Нурпериге жолугат.

Белестен-белес ашалы,
Кан атам шаарын табалы.
Көйкөлгөн Көйкап, Көк-Токой
белгилүүдүр кабары. [Жоодарбешим: 8, б. 119]

Бул топоним Сарыжаз өрөөнүндө сакталып калган. Эл тарабынан Кап-Тоо деп айтылып жүрөт. Көй сөзүнүн мааниси Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө 1. чыгаан, мыкты, тандалган маанисинде берилет. 2. көйгө салуу, азапка салуу, көзүн будамайлоо маанисинде. [9, б. 49] Мындан улам Көй-Кап – таанымал тоо, көрүнүктүү тоо деген маанини берет десек да болот. Д. Исаевдин пикиринде Каф тоосу бүт жер четин курчап туруучу, кичи өтө алгыс асман мелжиген тоо катары көрсөтүлөт. Кочкор өрөөнүндөгү Кап аттуу тоо да ушуну менен байланышта каралары айтылат [7, б. 88]. Ал эми кыргыз мифтеринде жер асты деген мааниде берилет.

**Мургап - Нуркап** Памирдеги жердин аты. Азыркы Мургап мурун Нуркап болуп аталган.

Жаңыл Мырза эпосунда Борхуй баатырдын Жаңылды көздөй аттанып келе жаткандыгы сүрөттөлөт.

Кебез-Тоо ашып жол жүрүп,
Кечикпестен мол жүрүп,
Ашып түштү Нуркапка...
(Жаңыл Мырза: 1, б. 276)

Кыргыз тилиндеги жазуу эрежелеринде айрым тыбыштары орун алмашып, эки түрдүү айтылган уңгу сөздөрдүн эки түрүнө тең жазууда жол берилген М: айыр//айры, күмөн//күнөм, убакыт//убакты, кайры//кайыр, бакыт//бакты ж.б.у.с. Ошондуктан, бул аталыш эки вариантта тең колдонула берет. Мургаб Тажикстандагы эң чоң райондун бири катары эсептелет. Бул жердин 80% жашоочулары кыргыз, алар Мургабды Нуркап деп аташат. Мургаб аталышынын келип чыгышы жөнүндө эки божомол бар. Бул аталыш тажик тилинен келип чыккан. Мар (жайыт) + об (суу же дарыя) тактап айтканда “жайыттарды аралап өткөн дарыя (суу)” дегенди билдирет.

**Опол Тоо** - Бүткүл Түркстан аймагындагы эң бийик кырка тоолордун аталышы болушу мүмкүн. Азыркы аталышы Мустагата. Опол - чоң, зор маанисинде. Мисалы, Опол тоодой эмгеги бар.

Манас эпосунда Манастын бабасы Ногойдун ордосу турган, андан кийин Ороздунун он уулу мекендеген жер катары сүрөттөлөт. Жаңыл Мырза эпосунда Борхуй баатырдын Жаңылды көздөй аттанып келе жаткандыгы сүрөттөлөт.

Кебез-Тоо ашып жол жүрүп,
Кечикпестен мол жүрүп,
Ашып түштү Нуркапка...
Ополдун тоосун бойлошуп,
Жаңылды тапсак экен - деп,
Жерин өлчөп ойлошуп.
(Жаңыл Мырза:1, б. 276)

**Чамбыл Бел -** топоними эпостордо, Музбарчактын жери, Орто Чаткалдагы жер катары көрсөтүлөт. Бирок бул ат Кыргызстандын географиялык аталыштарында кездешпейт.

Чамбылды жердеген Музбурчактын Эр Төштүкүн тоюна чакырылышы

Букара шарип быягы,
Бузулган Чамбыл тыягы,
Чамбылдын белин жайлаган,
Тулпарын туура байлаган,
Тушуккан элди жайлаган,
Серүүндөп жерин жердеген,
Серпишип адам жеңбеген,
Аксакалы бир кучак.
Буудайык уулу Музбурчак
Канча жерден кат алган,
Кагыштан абийир көп алып,
А дагы зайып буруш атанган. (5, б. 458)

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө Чамбыл – бозомук, боз чамбыл, ботала, киргил маанисинде берилет. Мисалы, окшош жээрде кашкалар, жалаң чамбыл кашкаларга айланган (Жантөшев К.)

**Бел Кырчын –** Ак Талаа районундагы айылдын жана Баткен аймагындагы өрөөндүн аталышы. Кырчын сөзү тал терекке карата айтылат. Кыргызча-орусча сөздүктө 1. мелкий кустарник (кырчын тал). Мисалы, Өзөнгө кырчын тал бүтөр, өлбөгөн жанга мал бүтөр (фольк.) 2. перен. кырчын жаштар, кырчын өмүр (молодая жизнь) кырчын-кезиң, кырчыным. кырчын кезинде өлдү ж.б. [3, б. 496]

Бел Кырчын тал-теректер көп болгондуктан айтылса керек деген ойдобуз.

**Жел-Арт –** Эпосто кезиккен жердин аты. “Арт”- ашуу маанисинде колдонулат. Бул топоним аталган жердин климаттык шартына карата аталып калган десек болот. Ашууда жел согуп тургандыктан, Жел-Арт аталган десек болот.

**Аңыр Көл –** Эпосто кезиккен жердин аты. Аңыр ( лат. Tadorna ferruginea), кызыл өрдөк — каз сымалдар түркүмүндөгү өрдөктөр тукумунун өкүлү [10]. Өрдөктүү көл маанисинде.

**Чойжап –** Нарын районундагы өрөөн, жайлоо. Чынасылдын ак жүрөк эр азамат экенин билген Жаңыл Нойгуттарга алып кетүүнү ойлонот.

Чоё чап, Жаңыл чоё чап! –
Деп кыйкырган себептен,
“Чойжап” болду жер атты... [Жаңыл Мырза: 1, б. 138]

**Агача-Кол -** Эпосто кезиккен жердин аты. Түрк, алтай тилдеринде (агаш/агач) — бак, дарак деген маанини берет т.а. байыркы түрк формасы кыргызча жыгач. Д. Исаевдин эмгегинде (йигач, агач, игач) жыгач карагай маанисинде берилген. [11, б. 226]

**Көк-Арт –** суунун, жердин аты. Жалал-Абад облусунун Сузак районунда жайгашкан. Көк жалпысынан түрк тилдеринде өңдү билдирет, ошону менен бийиктикти да туюндурат. “Арт” ашуу деген мааниде колдонулат. [12; 10; 90] Ал эми Д. Исаевдин белгилөөсүндө иран тилиндеги “кух” сөзү кыргыз тилинде тоо формасына өтүп кеткен. Мындан улам, Көк Арт – Тоо бели маанисинде колдонулат десек болот [7, б. 51].

**Улуу-Чат** - Кызыл- Суу (Шинжан) өрөөнүндөгү жер. Чат - эки ача болуп бөлүнүп кеткен тоонун жогорку ажыраган бөлүгү, төр жагы. «Чат» термини топоним же анын бир компоненти катары да кеңири таралган; мис., Чат Базар, Чат-Көл кыш. ж. б. Чат – зат. 1. Эки буттун жамбаш менен кошулган жери; эки буттун аралыгы. 2. Эки суунун кошулган жери. 3. Тоонун эки салаасынын кошулган жери [9, б. 686].

**Кайнар –** Башат, булак оргуп чыккан суу катары көрсөтүлөт. Ошондой эле жылуу суу катарында айтылат. [13, б. 653] Казак 1) булак, ачкыч, булак 2) өткөрүп берүү маанисинде. Мисалы, өнөрдүн кайнар көзү (булагы) ушунда турбайбы деп айтылат.

Тил илими түгөнбөс казына, илимий-изилдөө багыты кенен, мааниси терең улуттун өзөгү десек болот. Тил илиминин бир бөлүгү саналган онамастика илими жер аттарын, адам аттарын терең изилдеп, аны менен катар улуттун аң-сезимин, өнүгүү тарыхын, тилдик өзгөчөлүгүн кошо көрсөтө алган өзгөчө илим катары каралат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Жаңыл Мырза: “Эл адабият сериясы”, IX том, - Б. 2015. -265 б.
2. Олжобай менен Кишимжан: - Б., 2015. -392 б.
3. Кыргызча-орусча сөздүк, - М. 1985. -503 с.
4. А. И. Туркин, Топонимический словарь Республика Коми АССР, 1986. – 144 с.
5. Эр Төштүк, “Эл адабият сериясы”, II том, -Бишкек, «АВРАСИЯ ПРЕСС» - 2015. --562 б.
6. Каратаев О., Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. Б., 2013. -264 б.
7. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры, 1977. -150 б.
8. Жоодарбешим: “Эл адабияты” сериясы, VII том, -Бишкек, «АВРАСИЯ ПРЕСС» - 2015. -339 б.
9. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү Б.: 2-бөлүк, 2016. – 800 б.
10. https://ky.wikipedia.org/wiki/%D0%90%D2%A3%D1%8B%D1%80
11. Райым к А. Орто Азия аймагындагы топонимдериндеги жалпылыктар. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. №4 (112) - Б., 2022, -222-227-бб.
12. Койчубаев Е. Краткий толковый словарь топонимов Казакстана. Алма-Ата, 1967. -112 с.
13. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, - Бишкек, биринчи бөлүк, 2019, - 800 б.
14. Сулайманова, Р. Т. Ориентация будущих учителей на гражданское воспитание учащихся через эпос “Манас” / Р. Т. Сулайманова, К. А. Таалайбек // Вестник физической культуры и спорта. – 2021. – № 1(27). – С. 61-67. – EDN BOIHTB.


**Рецензент: ф.и.к. Коңурбаева Р.Э.**